**«Бекитемин»**

**Курманжан Датка атындагы**

**Ош лицейинин директору**

**_____________ Байзаков Ж.К**

**Ата -энелер чогулушунун жобосу**

Лицейдеги окуучулардын ата-энеси лицейдин кызматташтыгынын укуктуу катышуучусу жана кызыкдар тарап . Лицейдеги жашоо- турмушунун калыптануусуна ата –энелердин көнүл буруусу жана жардамы маанилүү болуп саналат.

1.Ата энелердин укугу:
1.1. Ата-энелер кенешин шайлоого жана шайланууга.
1.2.Лицейдин ата-энелер кенешин кароого, сунуш киргизүүгө.
1.3.Администрациянын жана мугалимдердин макулдашуусу боюнча коомдук иштерге,айрым сабактарга катышууга;
1.4. Педагогикалык жамаатты ишмердүүлүктөрүн баалаганга катышууга;
1.5. Лицейдеги педагогикалык процесстерди жакшыртуу боюнча сунуштар менен кайрылууга.
1.6. Баланын жана үй-бүлөнүн укугун коргоого;
1.7. Проблемалык жагдайлар,талаш тартыш маселелер боюнча администрацияга,психологго кайрылуулага;
1.8. Баланын окуудагы багытын тандоого;
1.9. Айрым педагогдорду жана окуучуларды сыйлоо жөнүндө өтүнүч менен кайрылууга;
2. Ата –энелердин милдеттери:
2.1. Баланын тагдыры үчүн жооптуу болууга,анын өнүгүшү үчүн шарт түзүүгө;
2.2.Үй-бүлөлүк психолог.педагог жана врач болууга ал учун мектептеги сабактар,катышууга жана адабияттарды окууга. Үй-бүлөдө эн башкысы бири-бирин сыйлоого, кызыкчылыктардын жана жумуштардын жалпылыгына, чыдамкайлыкка ар бирин коргоого жана өзүн -өзү баалоого үйрөтүүгө;
2.3 .Балдарды бир нерсе болгондо гана карап эле тарбиялабастан дайыма тарбиялоодо өзүнөн баштоого.
2.4.Баланы сүйүүгө, өзүнүн сүйүүсүн эркелеткенде жумшак интоннация менен билдирүүгө.
2.5. Балдарга өзүндөй тен адамындай кайрылууга. Балдар эч качан өзүн кичинекей деп эсептешпейт. Балдарды өз алдынчалуулукка тарбиялоого.
2.6. Балага анын ой –пикирин эске алуу менен кенеш берүүгө,,багыт берүүгө
3. Лицейдин кенешинин чечимин кызматташтыктын бардык мүчөлөрү аткарууга милдеттүү
3.1 Лицейдин кенеши лицейдин эрежелерин бузгандыгы үчүн лицейистти чыгаруу жөнүндөгү маселени коюуга укуктуу
4. Ата-энелер кенешинин мучөлөрүнүн милдеттери:
4.1. Лицей кенешинин жыйындарына катышууга.
4.2. Лицей кенешинин бардык талаптарын аткарууга.
4.3. Лицей кенешинде талкууланган маселелер жөнүндө класска маалымат берүүгө.
4.4.Класстын кызыкчылыгын лицейдин кенешинин кызыкчылыгын класска сунуш кылууга.